**Долбоор**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

## "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1."Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жактырылсын.

2. Аталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министри аталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралганда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү болуп дайындалсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер – министри** **У.А. Марипов**

Укуктуу камсыздоо бөл.башчысы.________А. Джакшылыкова Министр___________ А.Джаныбеков
2021 ж. «___» ____________ 2021 ж. «___» ________________

**“Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбооруна**

## МААЛЫМАТ – НЕГИЗДЕМЕ

**Долбоордун максаты жана милдеттери.**

Бул токтом долбоорунун максаты – “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу "Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун жактыруу.

**Баяндоочу бөлүк.**

“Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу “Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жөнүндө” Өкмөттүн токтомунун долбоору Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 31-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Евразия экономикалык бирлигине кошулуусу боюнча “жол картасынын” алкагына ылайык иштелип чыккан.

Сунушталаган мыйзам долбоорунун иш чөйрөсү Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлигинин компетенциясына кирерин эске алуу менен аталган мамлекеттик органдын башчысын, аталган долбоорду Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароо учурунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү катары дайындоо сунушталууда.

**Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору.**

Ушул токтомдун долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**Коомдук талкуулоонун жыйынтыктары жөнүндө маалымат.**

Ушул токтомдун долбоору “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, кызыкдар жарандар жана ишкерлер менен талкулоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий сайттына жайгаштырууга жиберилген.

**Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Берилген долбоор колдонуудагы мыйзамдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине карама-каршы келбейт.

**Каржылоонун зарылдыгы жөнүндө маалымат.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ушул токтомунун долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарга алып келбейт.

**Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Берилген долбоор жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт.

**Министр** **А. Джаныбеков**

Долбоор

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ**

**“Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө”Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”**

**1-берене.**

“Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-жыл, No 195) төмөнкүдөй толуктоолор киргизилсин:

15-беренесинин 9-бөлүгүндө “ветеринария жаатындагы адистештирилген ишканаларда вакциналарды жана сывороткаларды” деген сөздөр “ветеринардык дары-дармектер” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене.**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып 10 күндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти**

Укуктуу камсыздоо бөл.башчысы._________А. Джакшылыкова 2021 ж. «___» _____________

Министр____________ А.Джаныбеков 2021 ж. «___» __________________

**“Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат**
**берүү тутуму жөнүндө”Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү**
**киргизүү тууралуу”**
**Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна**
**маалымкат - негиздеме**

Евразия экономикалык бирлигинин бирдиктүү талаптарын сактоо максатында жана Кыргыз Республикасынын Бажы бирлигине кошулуусунун жол картасынын алкагында, ошондой эле Евразия экономикалык бирлигинин ыйгарым укуктуу Россельхознадзордун адистеринин Кыргыз Республикасында ветеринардык дары-дармектердин колдонуу үчүн жүгүртүүдөгү контролдоо (көзөмөлдөө) тутумун баалоо үчүн инспекциялык көзөмөлдүн натыйжасында көрсөтүлгөн сунуштарына ылайык “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу "Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору иштелип чыккан.

Белгилей кетсек, ЕАЭКтин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн сунуштарына ылайык, ветеринардык дары-дармек каражаттарынын бардык топторун өндүрүү үчүн улуттук мыйзамдарда лицензия жок экендиги белгиленди. Б. а. бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында ветеринардык дары-дармек каражаттарын өндүрүүгө лицензия берүү экономикалык иштин лицензияланган түрү болуп саналбайт.

Демек, белгиленген Мыйзамдын 15-беренесинин тогузунчу бөлүгүндө “Ветеринария жаатындагы адистештирилген ишканалардагы вакциналар жана сывороткалар” деген сөздөрдүн редакциясы, “Ветеринария жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык бирдиктүү редакцияны камтыган аныктаманы көрсөтүү менен кайра иштеп чыгуу талап кылынат.

Ушул Мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келет жана социалдык, экономикалык, укуктук, адам укуктары, гендердик, экологиялык жана коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

“Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин талаптарына ылайык Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий сайтында жайгаштырылган.

Кыргыз Республикасынын ушул Мыйзам долбоорун кабыл алуу мамлекеттик бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарды талап кылбайт.

Мыйзамдын долбооруна жөнгө салуучу таасирди талдоо иштелип чыгууда.

**Министр** **А. Джаныбеков**